КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
МАЙЛУУ-СУУ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
МАЙЛУУ-СУУЙСКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

---

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**15-апрель 2022-жыл №8-9-3** **Майлуу-Суу ш.**

**Майлуу-Суу шаар аймагында Үй жаныбарлардын жана канаттуулардын багуу эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “ Укук бузуулар жөнүндө” Кодексине ылайык, жана Майлуу-Суу шаарынын мэриясынын 02.02.2022-ж. № 01-06-125 сандуу кайрылуусун карап чыгып, депутаттардын сунуштарын эске алып? Майлуу-Суу шаардык кеңештин IX чакырылышынын кезектеги VIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Майлуу-Суу шаарынын мэри Н.Умаровтун баяндамасы эске алынсын.

2. Майлуу-Суу шаардык кеңешинин VIII чакырылышынын 2016-жылдын 28-ноябрындагы № 3-8-10 токтому күчүн жоготту деп табылсын.

3. Майлуу-Суу шаар аймагында үй жаныбарлардын жана канаттуулардын багуу эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин жана калктуу конуштарда жаныбарларды багуу эрежеси бузуу учурунда, Кыргыз Республикасынын 28.10.2021 ж. № 128 “ Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин 124-беренесине ылайык иш алынып барылсын

4. Бул токтомдун аткарылышы шаардык Мэрияга, шаардын Көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана тазалык муниципалдык ишканасына, шаардык ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекцияга жана тиешелүү мамлекеттик органдын шаардык бөлүмдөрүнө жүктөлсүн.

5. Ушул токтом катталсын жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо жагы шаардын мэрине (Н.Умаров) жүктөлсүн.

**Шаардык Кеңештин төрагасы:** **А.Киргизбаев**